*Төлөмүшова А.Т., Исманова А.А.*

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ИНФОРМАТИКА САБАГЫН ОКУТУУНУН ЫКМАЛАРЫ: КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ ЖОЛДОРУ

*Толомушова А.Т., Исманова А.А.*

# МЕТОДИКА ПРЕПОДАВАНИЯ ИНФОРМАТИКИ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ: ПРОБЛЕМЫ И ПУТИ РЕШЕНИЯ

*A.T. Tolomushova, A.A. Ismanova*

# TECHNIQUE OF TEACHING INFORMATICS AT ELEMENTARY SCHOOL: PROBLEMS AND WAYS DECISION

*УДК: 37.02:372.8.*

*Макалада Кыргызстанда мектептерде информатика сабагынын башталгыч класстарга окуутуудагы бүгүнкү күндөгү абалы жана өнүгүү тенденциясы кароого алынган. Бүгүнкү мектеп информатикасы өнүгүүнүн жаңы этабында турат. Ал коомдун эң зарыл болгон каражаты, ошол эле учурда информациялык технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндө пайдаланууга тийиш болгон зарыл билими жана ар бир окуучу милдеттүү түрдө өздөштүрүүгө тийиш болгон мектеп предмети катары мүнөздөлөт.*

***Негизги сөздөр:** педагогика, билим, сапат, башталгыч класстар, мекеме, информатика, мугалим, окуучулар, мыйзам.*

*В данной статье освещаются тенденции и вопросы преподавания информатики в начальной школе. Обосновываются возможности использования информационных технологий в различных сферах деятельности. Информатика характеризуется как один из важнейших предметов, необходимых для обучения школьников в обязательном порядке.*

***Ключевые слова:** педагогика, наука, качество, начальное образование, учреждение, информатика, учитель, ученики, закон.*

*The article includes the teaching of today's condition and developing tendency in informatic lessons at the elementary school. Today's school informatic lessons are in the new level of developing. It is the very important method, at that time the activity of informatic technology possibilities are useful knowledge in all spheres and it is the main school subject that's why every pupil have to improve this subject.*

***Key words:** pedagogy, science, quality, primary education, institution, computer science, teacher, students, law.*

Билим – тарбия берүүнүн сапатын өркүндөтүү, өлкөбүздүн өнүгүшүнө салым кошуучу атуулдарды тарбиялап өстүрүү бүгүнкү күндө республикабыздагы олуттуу маселелердин бири болуп эсептелет. Эл керегине жараган атуулдарды тарбиялоодо башталгыч мектеп чон милдеттерди аткарат. Башталгыч класста алган билим сапаты окуучунун андан аркы билим алуусуна өбөлгө түзүп, окуучунун окуудагы ийгилигине түздөн-түз таасир этет. Башталгыч мектептеги окутуу балада окуу билгичтигин үйрөтүү менен өзгөчөлөнөт. Өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу үчүн адамга окуу билгичтиги эң зарыл керектүү сапаттардын бири болуп эсептелет.

Башталгыч мектеп жалпы билим берүүчү мектептин пайдубалын түзөт. Башталгыч мектепте адамдын мүнөзүн, акылы жана адептик сапаттарын, коомдогу жүрүм-турумун аныктоочу жөндөмү жана касиеттери түптөлүп калыптанат. Башталгыч мектеп окуучуунун өнүгүшүндөгү татаал процесс. Балдар бул курагында абдан дилгир болушат. Ушу курагында аларды окууга кызыктырууга мүмкүнчүлүктөр арбын. Алардын интеллектуалдык, социалдык, адептик сапаттары күн санап ыкчам калыптанат. Башталгыч класста окутуу жана тарбиялоо баланын өнүгүшүнө терс таасирин тийгизбеши зарыл [3, 3-б].

Бүгүнкү мектеп информатикасы өнүгүүнүн жаңы этабында турат. Ал коомдун эң зарыл болгон каражаты, ошол эле учурда информациялык технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндө пайдаланууга тийиш болгон зарыл билими жана ар бир окуучу милдеттүү түрдө өздөштүрүүгө тийиш болгон мектеп предмети катары мүнөздөлөт. Окуучу информатика сабагынан алгоритм түзүүдөн баштап социалдык информатикага чейин базалык билимдерге ээ болот.

Жаңы этаптагы информатиканын өзгөчөлүгү колдонмо информатикадан фундаменталдуу информатикага кайрадан алып барууда.

Информатика коомдогу информация жана информациялык процесстер менен иштөөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутуп үйрөтө турган фундаменталдуу илимий билим болуп эсептелип, физика жана математика предметтери сыяктуу мектептин базалык предмети катары калууга тийиш. Мектеп информатикасынын курсу ар түрдүү татаалдыктагы маселелерди чечүү менен материалды системалуу түрдө өздөштүрүүнү кароо керек дегенди билдирет. Мындай маселелер информатикага да, математикага да тиешелүү болушу мүмкүн. Бул бүтүрүүчү класстарды мамлекеттик аттестациялоодо да көрүнөт. Буга кошумча, бүгүнкү күндө математикалык, эстетикалык, тилдик, гуманитардык билим берүү информатиканы өзүнчө предмет катары мындан ары да өнүгүшү керектигин тастыктап турат.

Учурда информатик мугалим бир эле учурда бир нече функцияларды аткарат: предметти окутуу, методикалык жардам көрсөтүү, сервистик кызматтарды жөнгө салуу, компьютердик класстын жоопкерчилигин алуу ж.б. Бирок учурдагы билим берүүнү информациялаштыруу менен коюлган талаптагыдай сапатка ээ кылууда информатик мугалимдин чамасы жетпей келет. Ал үчүн кошумча ресурстарды табууга

туура келет. Ал эми мамлекет тарабынан бөлүнгөн каражат мектептин уюштуруу иштерине жана сервистик кызматтарды көрсөтүүгө гана араң жетет (мугалимдин методикалык жактан кесипчилигин жогорулатып турууну эске албаганда).

Мектеп информатикасын өнүктүрүүнүн жаңы этабы бир топ маселелерди койду. Алар: информатиканы окутуу үчүн (башка предметтерди окутууда да ушул проблема бар) заманбап, талапка ылайык каражаттардын жетишсиздиги жана программалык жактан камсыздоонун түрдүүлүгү, о.э. билим берүү процессин информациялаштырууда билим берүүнү башкаруу органдары тарабынан колдоолордун жоктугу [1, 4-бет]

Мектеп информатикасын окутуудагы, негизги, көйгөйлүү маселе мугалимдердин окуу программасынын мазмунун мектепте толук окутпай жатышкандыктарында. Word, Excel менен информатика сабагын чектеп коюшса, айрымдары графикалык редактор, социалдык информатика менен жыйынтыктап салышкан учурлар кездешет. Ал эми «Мультимедиялык технология» жана «Бүткүл дүйнөлүк байланыш системасы» темалары мектептердеги компьютерлердин эскилигинен жана Интернет менен туташуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан өтүлбөй эле калат (Программалоо бөлүмүн айтпай эле коёлу). Башка предметтин мугалимдерине салыштырмалуу информатиканы окутууда адис мугалимдердин (башка адистиктеги мугалим эмес) классикалык методикасы калыптана элек. Кээ бир учурда «Офис» программаларын гана окуткан (аны да толук өздөштүрүп, колдоно албаган башка адистин мугалимдери), ал гана эмес элементардык математиканы билбеген «кадрлар» сабак өтүшүүдө. Албетте, «эптеп-септеп» предметти өттү аттуу болуп, «жоктон көрө жогору» деген кол шилтөөгө өтмөй адат калыптанган болсо, дагы бир жагы Базалык окуу планындагы информатикага бөлүнгөн сааттардын аздыгы айтылып шылтоо кылынат.

Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан адегенде окутуунун нормативдик документтерин жөнгө салуу, анан барып предметтерди окутууну жакшыртуу максат кылынып, бир топ кадамдар жасалды.

**Алар:**

1. Базалык окуу планындагы предметтин ордун аныктоо;
2. Предметтин мамлекеттик билим берүү стандартын иштеп чыгуу;
3. Окуу программаны жаңылоо;
4. Окуу китептерин түзүү;
5. Комплекстерин даярдоо ж.у.с. көптөгөн иштер алдыга коюлду.

Эми мындай кадамдар информатиканын эсебинен кандайча жүрүп жатат?

2014-2015-окуу жылына карата бардык жалпы билим берүүчү мектептердин окуу планында информатика предмети (окутуу тилдерине карабастан) төмөнкүдөй орун алган.

| **Информатика** | **7-кл.** | **8-кл.** | **9-кл.** |
|---|---|---|---|
| | 1 саат | 2 саат | 2 саат |

Гимназия-мектептери жана мектеп-лицейлери үчүн гимназия жана лицей компоненттери сакталып, гимназия, лицей класстарында ийримдер, лекциялар, курстар аркылуу ишке ашырылат.

Ал эми «Кутбилим» гезитинин 20.03.15 №11 санына жарыяланган Базалык окуу планынын долбоорунда милдеттүү түрдө окутулуучу предметтердин тизмегин берүүдө айрым бир предметтердин мазмундук жактан кайталоолорго жол бербеш үчүн оптималдуу сааттары менен бирге санына эмес, алардын мазмундук жактан сапатына басым жасоо зарылчылыгы келип чыкты. Жыйынтыгында төмөндөгүдөй өзгөрүүлөр болду:

Башталгыч класска жаңы предмет болуп:

– «Технология» аталыштагы предмет (аталышы боюнча тактоолор болот) эмгекке үйрөтүү предметинин мазмуну компьютер аркылуу окутуп үйрөтүү логикасында каралды. Негизги жана жогорку класстарда:

- «Технология» предмети (аталышы боюнча тактоолор болот) компьютердик сабаттуулук, черчение жана дизайндык мазмунда бир предмет аркылуу айкалышуусу каралды. Демек, билим берүү областтарынын ичинен «Технология» областында өзгөрүү болду. Жыйынтыгында, информатика предметин окуу пландан төмөндөгүдөй окуу жүктөм менен көрүүгө болот:

| Билим берүү тарамы | Предметтер | Класстар боюнча базистик вариант | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| Технологиялык | Технология | | 1 | 1 | 1 | 1 |

Албетте, башталгыч класстарда эмнени окутабыз деген суроо пайда болушу мүмкүн. Учурда ар бир баладан (беш-жети жаштагы) компьютерди көрсөтүп, «бул эмне» деп сурасаң, тескерисинче «ушуну да билбейсиңби», дегендей кайра сага таң калышы ыктымал. Демек, башталгыч класстарда (2-4-кл.) жумасына бир сааттык жүктөм менен компьютерди колдонуунун негиздерин эмгекке үйрөтүү предметинин мазмунун айкалыштыруу аркылуу окутууга болот. Эмгекке үйрөтүү предметин окутуу үчүн мектептерде атайын жабдуулар менен жабдылган кабинеттер (кыздар үчүн), мастерскойлор (балдар үчүн) болушу шарт эле. Бирок мындай шарттар ар бир эле мектепте түзүлө бербей (болсо да канааттандырарлык эмес) бул предмет канааттандырарлык деңгээлде окутулбай калганына көпчүлүк күбө. Ошондуктан эмгекке үйрөтүү предметин информатика предметинин мазмуну менен айкалыштырып окутуу кадамына барууга негиз бар деп айтууга болот.

Замандын агымы – технологиянын өнүгүүсү, илимий ачылыштар, билим берүүнүн жаңы нукка бурулушу, жаңыча көз-караштардын пайда болушу, экономикалык мамиле ж.б. коомчулуктун мектепке

коюп жаткан талабынын да өзгөрүшүнө алып келүүдө. А коомдун талабы кандай? Ал (билим берүүнүн технологиялык тарамын конкреттүү карай турган болсок): окуучунун же бүтүрүүчүнүн маалымат менен иштей алган, заманбап технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн сабаттуу колдоно ала турган; бала өзүнүн турмушунда кездешкен зарылчылыктарда техниканы билгичтик менен пайдалана алган; баланын ишмердүүлүк чөйрөсүндө технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн чыгармачылык менен иштетүүгө даяр болгон; ар түрдүү маселелерди чечүүдө техниканын, коммуникациянын мүмкүнчүлүктөрүн тапкычтык менен колдонгон ж.у.с. баланын (бүтүрүүчүнүн) образы элестетилет. [2,3-бет]

Жыйынтыгында, жогоруда белгилеп кеткендей, даярдыгыбыздын болбогонун айтып отура бербестен, предметти жакшыртып окутуунун, сапатын көтөрүүнүн, эң негизгиси, мектептен алган билимин турмушта колдонууга даяр болгон баланы бүтүрүп чыгаруунун жолунда үндөш, пикирлеш болсок ошол себептен баланы башталгыч класста окуган кезинен баштап информатика сабагына кызыктырып керектөөсүн камсыз кылуубуз абзел.

**Адабияттар:**


1. «Кутбилим» гезитинин 20.03.15. - №11.
2. «Кутбилим». - 2001. - 2002.-15-февр. -7-бет.
3. Текущий архив управления школьного и дошкольного образования МОН КР. Справка о состоянии учреждений школьного и дошкольного образования в г.Бишкек на 01.01.2014.
4. Рахимова М.Р. Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки тарбия системасынын өнүгүшү. 1917-1992-жж. - Бишкек, 1993-118-б.


**Рецензент: к.пед.н., и.о. доцента Карагулов Д.К.**